«Классташтар»

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Шакирова Орозгуль Кенжеевна

Классташтар бирге окуган

Ойлой калсам жүрөк толкуган

Балалыктын таттуу күндөрү

Эске түшүп ойлоп олтурам

Сабактардан качып жакпаган

Кээ күндөрү сабак жаттаган

Мектебимде өткөн күндөрдү

Жүрөгүмдө бекем сактагам

Кайырма:

Он жыл өтүп сагынышып кайра жолуктук

Бирибиз жар бири анда але колукту

Ал кезекте али бала бойдон экенбиз

Жаштык жалын өрттөй мүнөз түрлүү жоруктуу

Кандай сонун күндөр өткөрдүк

Оюн күлкү шаттык көп көрдүк

Алгач сезим сүйүү ойгонуп

Бойго жеттик кыйла өзгөрдүк

Тагдыр жолго түштүк тарадык

Баарыбызга бакыт кааладык

Күндөрүбүз жылга айланып

Жолугуну кайра самадык

Кайырма:

Учкан куштай жылдар өтүп тез эле

Жыйырма жылдык жолугушуу келген кез эле

Бир туугандай сагынышып кайра көрүштүк

Балалык кез көңүлдөрдөн өчпөйт эч эле

2-жолу:

Классташтар кайда жүрсөк аман бололуу

Ишке ашсын тилектер койгон жогоруу

Отуз жылдык кырк жылдык элүү жылдык деп

Келечекте жолугууга максат койолу